## №121 КЕЛИШИМ

**Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясынын ортосундагы өз ара кызматташуу жөнүндө**

**Талас ш.** «7» 11 2025 ж.

Ч.Мамбетов атындагы Талас облустук биргелешкен ооруканасынын (мындан ары ТОБО) директору Н.С.Усупбековдун атынан (мындан ары "аткаруучу" деп аталат) бир тараптан, жана билим берүү уюму – **И.К. Ахунбаев атындагы Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясы** (мындан ары – **КГМА**), Уставдын негизинде иш алып барган ректор Кудайбергенова И.О. айымдын атынан, экинчи тараптан, мындан ары биргелешип **«Тараптар»** деп аталган тараптар төмөнкүлөр тууралуу ушул Келишимди түзүштү:

## 1. КЕЛИШИМДИН ПРЕДМЕТИ

**1.1.** Тараптар өз ара төмөнкү милдеттенмелерди алышат: студенттердин, ординаторлордун, аспиранттардын практикалык окуусун уюштуруу, фармацевтикалык кадрларды даярдоо жана кайра даярдоо иштерин КГМАнын өндүрүштүк базасы катары ТОБО базасында жүргүзүү.

**1.2.** Калкка фармацевтикалык жардам көрсөтүүнү өркүндөтүү, кадрдык, материалдык жана башка ресурстарды, ошондой эле КГМА менен ТОБОнун илимий потенциалын натыйжалуу пайдалануу аркылуу Кыргыз Республикасынын калкынын ден соолугун жакшыртууга багытталган биргелешкен ишмердүүлүктү уюштуруу.

**1.3.** Студенттердин жана ординаторлордун практикалык окуусун ТОБО тарап акысыз негизде жүргүзөт.

## 2. ӨНДҮРҮШТҮК ИШМЕРДҮҮЛҮКТӨ ТАРАПТАРДЫН МИЛДЕТТЕРИ

**2.1.** ТОБО төмөнкүлөрдү милдеттенет:

**2.1.1.** КГМАнын окутуучу курамы менен биргеликте:

- студенттерге, ординаторлорго, аспиранттарга жана КГМА кызматкерлерине окуу планына ылайык толук кандуу практикалык иш жүргүзүү үчүн зарыл шарттарды түзүү;
- өндүрүштүк практика жетекчилерине КГМА менен ТОБО нун биргелешкен ишине тиешелүү буйруктарды жана башка документтерди өз убагында жеткирүү.

**2.1.2.** Эмгек тартибин сактоону, практикалык окуунун жеке программасынын аткарылышын жана документтердин туура таризделишин көзөмөлдөө; практика жыйынтыгында объективдүү мүнөздөмө берүү.

**2.2. КГМА төмөнкүлөрдү милдеттенет:**

**2.2.1.** Өзүнүн бөлүмдөрүнүн жана окутуучуларынын күчү менен окуу, методикалык, консультативдик жана башка жардам көрсөтүү;
**2.2.2.** ТОБОнун администрациясы менен макулдашуу аркылуу фармацевттер үчүн

актуалдуу маселелер боюнча семинарлар жана конференциялар өткөрүү, алардын практикалык көндүмдөрүн өркүндөтүү, квалификациясын жогорулатуу, аспирантура жана докторантурада билим алуу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылуу, адистик диссертацияларды коргоого көмөктөшүү;

**2.2.3.** ТОБО уюмундагы ички тартип эрежелерин, санитардык-гигиеналык талаптарды, этикалык жана деонтологиялык нормаларды сактоо, мекеменин жана анын айланасын жакшыртуу иш-чараларына катышуу;

**2.2.4.** Өзүнүн илимий-педагогикалык кызматкерлеринин жардамы менен ТОБО дагы фармацевтикалык кадрлардын квалификациясын жогорулатууга жана кайра даярдоого көмөк көрсөтүү;

**2.2.5.** Зарылдыкка жараша эл аралык квалификациялык сертификаттары бар ТОБО нун адистерин КГМАда сабак берүү жана кошумча иштөө үчүн тартуу;

**2.2.6.** ТОБОнун кызматкерлерине КГМА өткөргөн конференцияларга, семинарларга, симпозиумдарга жана башка иш-чараларга катышууга шарт түзүү;

**2.2.7.** ТОБО нун кызматкерлерине КГМАнын кафедраларынын окуу-илимий базасын, китепканасын жана илимий жабдууларын белгиленген тартипте пайдаланууга мүмкүнчүлүк берүү;

**2.2.8.** ТОБО нун базасында окутула турган ординаторлордун, аспиранттардын, студенттердин жана башка угармандардын санын макулдашуу.

---

**2.3. КГМА кафедрасынын башчысы милдеттүү:**

**2.3.1.** Дары каражаттарын жүгүртүү жаатындагы мыйзамдык актыларды, ______________ жөнүндө жобону жана КГМАнын Уставын жетекчиликке алуу;

**2.3.2.** КГМА нын жетекчиси, анын орун басарлары жана бөлүм башчылары менен окуу-өндүрүш процессин уюштуруу маселелеринде өз ара кызматташуу жана өндүрүштүк, консультативдик жардам көрсөтүү үчүн биргелешкен жоопкерчилик тартуу.

---

## 3. КЕЛИШИМДИН ӨЗГӨЧӨ ШАРТТАРЫ

**3.1.** Ушул Келишимдин жоболорун ишке ашыруу жана анын аткарылышын көзөмөлдөө үчүн Тараптар төмөнкү жооптуу координаторлорун дайындайт:

- База тарабынан – Усупбеков Н.С ;
- КГМА тарабынан – илимий жана дарылоо иштери боюнча проректор.

**3.2.** Тараптардын өкүлдөрүнө төмөнкү милдеттер жүктөлөт:

- ушул Келишимдин жоболорунун ишке ашуусуна жетекчилик кылуу;
- биргелешкен ишмердүүлүктүн бардык аспектилери боюнча сунуштар жана өзүнчө келишимдерди даярдоо;
- кадрларды тандоо жана биргелешкен иш, педагогикалык жана илимий кызматташуу маселелерин карап чыгуу үчүн сунуштоо;
- мезгил-мезгили менен, ал эми зарыл учурда ыкчам түрдө Келишимдин шарттарынын аткарылышы жөнүндө Тараптардын жетекчилигин кабардар кылуу;

**3.3.** Тараптар бири-бирине ушул Келишим жана анын тиркемелери боюнча өз милдеттенмелеринин аткарылышын көзөмөлдөөгө мүмкүнчүлүк берүүчү документтерди көрсөтүүгө милдеттүү.

## 4. ТАРАПТАРДЫН ЖООПКЕРЧИЛИГИ

**4.1.** Тараптар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте ушул Келишим боюнча өз милдеттерин аткарбагандыгы үчүн жоопкерчилик тартат.

**4.2.** Ушул Келишим боюнча Тараптардын ортосунда келип чыккан бардык талаш-тартыштар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык чечилет.

## 5. КЕЛИШИМДИН АРАКЕТ МӨӨНӨТҮ

**5.1.** Ушул Келишим Тараптар кол койгон учурдан тартып күчүнө кирет жана1 (бир) жылдык мөөнөткө түзүлөт.

**5.2.** Келишим Тараптардын өз ара макулдашуусу менен же алардын бири тарабынан демилге көтөрүлүп, башка тарапка окуу жылы аяктаардан 3 (үч) ай мурда жазуу түрүндө эскертүү берүү аркылуу өзгөртүлүшү же токтотулушу мүмкүн.

## 6. ТАРАПТАРДЫН РЕКВИЗИТТЕРИ, МӨӨРЛӨРҮ ЖАНА КОЛДОРУ

**Аткаруучу:**

**Ч.Мамбетов атындагы ТОБО**
**Банк ЦК МФ КР**
**р/с 4406041101053469**
**ИНН 0070920010156**
**БИК 440604**
**Код ОКПО 22248083**
**Р № СФКР 02024**
**г.Талас ул Бердике Баатыр 1 а**
**Директор ТОБО**
**Усунбеков Н.С ______________**
**«_______»______________20______ж**

**КГМА им. И.К. Ахунбаева:**
**юр. адрес: 720020, г. Бишкек, ул. И.К. Ахунбаева, 92**
**Спец.счет**
**КГМА им. И. К. Ахунбаева**
**Банк получателя: Филиал Илбирс ОАО РСК банк**
**Р/с 1290523230413134**
**БИК – 129052**
**ИНН 02512199610050**
**Тел. 54-58-81, 56-59-46**

**Ректор______________ И.О. Кудайбергенова**